| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br><br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛ** |

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

***«2» октябрь 2023-жыл №18/1*** ***Жар-Кыштак айылы***

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ XVIII СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

**Ырыс айыл аймагы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жетекчилике алып, Ырыс айыл кеңешинин регламентине ылайык, Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Б.Сыдыкназаровтун сунушун жана жергиликтүү элдин кайрылууларын депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Ырыс айыл аймагынын учурдагы чек араларын, калктуу конуштарын, жайыт жерлери жана административдик-аймактык аталыштары өзгөрүүсүз калтыруу жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер меселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

3. Бул токтом Ырыс айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ**
**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**
**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

***«2» октябрь 2023-жыл №18/2*** ***Жар-Кыштак айылы***

## ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ XVIII СЕССИЯСЫНЫН Т О К Т О М У

**Жергиликтүү коомдоштук өкүлчүлүктүү жыйынын чакыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчилике алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 29.08.2023-жылдагы №215 Жарлыгын аткаруу максатында, Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин нускамасынын 2023-жылдын 6-сентябрындагы №1 чечими менен бекитилген иш-чаралардын негизинде Ырыс айыл кеңешинин регламентине ылайык, күн тартибинде коюлган маселелерди депутаттар сессияда талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча 2023-жылдын 18-ноябрь күнү саат 10:00 дө жергиликтүү коомдоштук өкүлчүлүктүү жыйыны чакырылсын жана Ырыс маданият үйүнүн имаратында өткөрүлсүн.

2. Жергиликтүү коомдоштук өкүлчүлүктүү жыйынына катышуучу өкүлдөрдүн жалпы санын, өкүлчүлүк жыйындарды өткөрүү боюнча жергиликтүү жамааттарды тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери, катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын жана жыйналыштарын өткөрүүнүн графиги, ар бир жыйындарды жана жыйналыштарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кеңештин депутаттарынын тизмеси №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Жергиликтүү коомдоштук өкүлчүлүктүү жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу төмөндөгүдөй курамда түзүлсүн:
Кадиркулов Ш.М. -айылдык кеңештин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;
Аширбаева Н. -айылдык кеңештин төрагасынын орунбасары, жумушчу топтун төрагасынын орунбасары;
Сатвалдиев А. -айылдык кеңештин жооптуу катчысы, жумушчу топтун катчысы;
Эргашев А. -Ырыс айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, жумушчу топтун мүчөсү;
Абдумаматов К. -аксакалдар кеңешинин төрагасы, жумушчу топтун мүчөсү;
Юсупова С. -аялдар кеңешинин төрайымы, жумушчу топтун мүчөсү;
Астанаев И. -жаштар уюмунун төрагасы, жумушчу топтун мүчөсү;
Депутаттар (шайланган шайлоо округдарында), жумушчу топтун мүчөсү;
Айыл башчылары (өздөрүнүн тейлеген аймактарында), жумушчу топтун мүчөсү.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**

Ырыс айыл кеңешинин 2023-жылдын 2-октябрындагы №18/2 токтомуна 1-тиркеме

Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын катышуучуларын жалпы санын, айылдар боюнча элдин санына карата катышуучуларды көрсөтүү нормасы, катышуучуларды шайлоо боюнча жер-жерлерде элдик жыйындарды жана жыйналыштарды өткөрүүнүн графиги, ар бир жыйындарды жана жыйналыштарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кеңештин депутаттарынын тизмеси

| Ка-тар № | Айылдардын аталышы | Турук-туу айыл калкы-нын саны | Өкүлчүлүктүү жыйынга | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Анын ичинен: | | | | | | | |
| | | | №3-тиркеме нускаманын 1-кадамы 1-пункуту боюнча шайлануучу делегаттардын саны | | Андан:- | | Жыйындар жана жыйналыштар өткөрүлүүчү жер | Жыйындарды жана жыйналыштарды өткөрүү датасы | Жыйындарды жана жыйналыштарды өткөрүү убактысы | Жыйындарды жана жыйналыштарды өткөрүүгө жооптуу депутаттардын аты-жөнү |
| | | | | | Эркектер (70%) | Аялдар (30%) | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| 1 | Ладан-Кара | 9476 | 20,81 | 41 | 29 | 12 | Бакиров орто мектеби | 16.10.2023. | 10:00 | Токтосунова А. |
| 2 | Күмүш-Азиз | 6672 | 14,65 | 29 | 20 | 9 | Юсупова орто мектеби | 17.10.2023. | 10:00 | Хусанов И. |
| 3 | Кургак-Көл | 6055 | 13,30 | 27 | 19 | 8 | Айбек орто мектеби | 17.10.2023. | 14:30 | Нишанова Г. |
| 4 | Арал-Сай | 3051 | 6,70 | 13 | 9 | 4 | Маданият үйү | 18.10.2023. | 10:00 | Холикова Т. |
| 5 | Жар-Кыштак | 6592 | 14,48 | 29 | 20 | 9 | Кеңсе, маданият үйү | 19.10.2023. | 10:00 | Сатвалдиев А. |
| 6 | Тотия | 3466 | 7,61 | 15 | 10 | 5 | Улугбек орто мектеби | 24.10.2023. | 14:30 | Абдужалилов Р. |
| 7 | Ырыс | 2141 | 4,70 | 9 | 6 | 3 | Ырыс орто мектеби | 23.10.2023. | 10:00 | Иманова А. |
| 8 | Масадан | 2467 | 5,41 | 11 | 8 | 3 | Фуркат орто мектеби | 19.10.2023. | 14:30 | Абдукаримова Г. |
| 9 | Дөмөр | 3097 | 6,80 | 14 | 10 | 4 | Бакиева орто мектеби | 24.10.2023. | 10:00 | Жусупбаев Н. |
| 10 | Сасык-Булак | 203 | 0,44 | 1 | 1 | - | Беш капа мечити | 23.10.2023. | 14:30 | Абдукадиров Т. |
| 11 | Кайнар | 132 | 0,29 | 1 | 1 | - | Кайнар мечити | 18.10.2023. | 14:30 | Алибаев З. |
| 12 | Чымчык-Жар | 1550 | 3,40 | 7 | 5 | 2 | Жуманазаров орто мектеби | 25.10.2023. | 09:30 | Назаров Б. |
| 13 | Кыр-Жол | 630 | 1,39 | 3 | 2 | 1 | Исраилов орто мектеби | 25.10.2023. | 15:00 | Абдурахманов Ө. |
| | | | | | | | | | | |
| А | Баардыгы:- | 45529 | 100% | 200 | 140 | 60 | Кеңсе, маданият үйү | 18.11.2023. | 10:00 | Ашырбаева Н. |

Ырыс айыл кеңешинин жооптуу катчысы: Сатвалдиев А.